УДК: 39(575.2)

*Акматалиев А. Т., филос. илимд. канд., доцент*
*akmataliev.asanbek@mail.ru, ОшТУнун академик*
*Б.Мурзубраимов ат. эл аралык Өзгөн технологиялык*
*жана билим берүү институту, Кыргызстан*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН РУХАНИЙ НЕГИЗДЕРИ

*Аталган макала кыргыз элинин экологиялык маданиятынын руханий негиздерин талдоого алууга арналган, андан тышкары, анда айтылгандай, жаны геосоциалдык, геосаясий мейкиндикте заманбап маданияттын өнүгүү процессинде материалдык менен руханийликтин поляризациясы эле байкалбастан, жай, бирок туура багытта маданияттын маани-мазмундук негизи катары руханийликтин приоритетине болгон бурулуш жүзөгө ашырылат. Бул өнүттө маданияттын приоритеттүү милдети адамдын руханийлигин иштеп чыгууда, адамзат субъективдүүлүгүнүн руханий-адеп-ахлактык феномен, дүйнө көз караштык багыт катары калыптануусунда турат. Азыркы философия менен маданияттагы антропологиялык бурулуш баалуулуктардын бардык системасын жана анын башкы бөлүгү – руханий баалуулуктардын системасын жаныча берүүгө шарт түздү. Адам кайрадан руханий баалуулуктардын системасы аркылуу аныкталуучу кандайдыр бир биримдик катары эсептелди.*

***Өзөктүү сөздөр**: руханийлик, экологиялык маданият, этнос, мейкиндик, маданият, дүйнө көз караш, феномен, коом, табият, аксиология.*

*Акматалиев А. Т., канд. филос. наук, доцент,*
*akmataliev.asanbek@mail.ru, директор международного*
*Узгенского института технологии и образования*
*им. академика Б. Мурзубраимова ОшТУ, Кыргызстан*

# ДУХОВНЫЕ ОСНОВЫ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

*Данная статья посвящена анализу духовных основ экологической культуры кыргызского народа, также в ней говорится о том, что в новом геосоциальном, геополитическом пространстве в процессе развития современной культуры наблюдается не только поляризация материального и духовного (которая достигла своего апогея), но и медленно, но верно осуществляется поворот к приоритету духовности как смыслосодержащему основанию культуры. В этом смысле приоритетное назначение культуры состоит в выработке духовности человека, в формировании человеческой субъективности как духовно нравственного феномена, мировоззренческих ориентаций. Антропологический поворот в современной философии и культуре позволил по-новому представить всю систему ценностей и ее главную часть - систему духовных ценностей. Человек вновь предстал как некое единство, определяемое через систему духовных ценностей.*

***Ключевые слова**: духовность, экологическая культура, этнос, пространство, культура, мировоззрение, феномен, общество, природа, аксиология.*

*Akmataliev Asanbek Turgunbaevich,*
*candidate of philosophical sciences, associate professor, director of the International*
*Uzgen Institute of Technology and Education by academician B. Murzubraimov OshTU,*
*Kyrgyzstan, Uzgen city, e-mail: akmataliev.asanbek@mail.ru*

# SPIRITUAL FOUNDATIONS OF THE ECOLOGICAL CULTURE OF THE KYRGYZ PEOPLE

*This article is devoted to the analysis of the spiritual foundations of the ecological culture of the Kyrgyz people, it also says that in the new geosocial, geopolitical space in the process of development of modern culture, there is not only a polarization of the material and spiritual (which has reached its apogee), but also slowly but surely there is a turn to the priority of spirituality as a meaningful basis of culture. In this sense, the priority purpose of culture is the development of human spirituality, the formation of human subjectivity as a spiritual and moral phenomenon, worldview orientations. The anthropological turn in modern philosophy and culture has made it possible to reimagine the whole system of values and its main part - the system of spiritual values. Man again appeared as a kind of unity, defined through a system spiritual values.*

***Key words**: spirituality, ecological culture, ethnos, space, culture, worldview, phenomenon, society, nature, asciology.*

Тигил же бул элдин, анын ичинде кыргыздын руханий маданият системасындагы экологиялык-таанымдык баалуулуктары коомдун бардык чөйрөлөрүндө, анын тарыхый өнүгүүсүндө көрүнүүчү түрдүү социомаданий көрүнүштүн макамына ээ болот. Алар коом менен табияттын чыгармачылыгынын өнүгүүсүнүн интеллектуалдуу, аксиологиялык негиздери, экологиялык ишмердүүлүктүн субъектисинин толеранттуу, креативдүү ан-сезими катары кызмат кылышат.

Кыргыз Республикасы тоолордун өлкөсү болуп эсептелет. Жалпы 199 миң кв. км аянтынын ичинен 60% ашууну деңиз деңгээлинен 500 миң метрден 7 миң метрге чейин көтөрүлгөн олуттуу бөлүнүп турган тоолор ээлейт. Аймактын 90% дан жогоркусу 1500 метрден жогору көтөрүлгөн. Болжол менен дээрлик 40% жашоо үчүн жараксыз – бул мөңгүлөр, аскалар, бийик тоолуу шагыл чөлдөр ж. б. у. с. Ал эми 7%ын маданий ландшафт ээлеп турат: талаалар, калктуу пункттар, жолдор жана өндүрүштүк объектилер. Калган аймактарда түрдүү табигый коомчулуктар: жаңгак, арча, жалбырактуу токойлор: бийик тоолуу, орто тоолуу, төмөнкү тоолуу шалбаалар; талаалар жана чөлдөр, суулуу саздар ж. б.

Кыргызстанда дүйнөлүк флоранын 2%  түрлөрү өсүп, дүйнөлүк фаунанын 3%дан ашуун түрлөрү байырлашат. Эгерде өлкөнүн аймагы планетанын 0,03% же кургакчылыктын 0,13% ын гана ээлеп турарын эске ала турган болсок, бул кыйла көп. Географиялык чөйрөнүн татаалдыгына байланыштуу, өлкөдө түрлөрдүн абдан жогорку концентрациясы байкалат. Аймактын бирдигине бул жерде орто эсеп менен планетага жана Борбордук Азияга караганда эки түргө туура келет. Алардан тышкары, экологиялык-таанымдык жана руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарынын көп түрдүүлүгү бар, алар биримдикте кыргыз элинин руханий маданиятынын бирден-бир актуалдуу бир бөлүгүн түзөт. Бул руханий-адеп-ахлактык, баалуулук-нормативдик жоболор, көрсөтмөлөр, эрежелер жана жазылбаган мыйзамдар, талаптар, жүрүм-турумдар, аларда этностор менен улуттардын маданий-табигый чөйрөсүнүн зарыл гармониясынын бирдиктүү өнүгүүсүнүн бириктирүүчү, абдан маанилүү принциптери аныкталган. Аталган ушул эки чөйрө – Кыргызстандын негизги баалуулуктары, алар менен биз сыймыктанабыз жана кийинки муундарга сөзсүз түрдө өткөрүп берүүбүз керек [1: 198].

Белгилей кетүүчү нерсе, жаны геосоциалдык, геосаясий мейкиндикте заманбап маданияттын өнүгүү процессинде материалдык менен руханийликтин поляризациясы эле байкалбастан, жай, бирок туура багытта маданияттын маани-мазмундук негизи катары руханийликтин приоритетине болгон бурулуш жүзөгө ашырылат. Бул өңүттө маданияттын приоритеттүү милдети адамдын руханийлигин иштеп чыгууда, адамзат субъективдүүлүгүнүн руханий-адеп-ахлактык феномен, дүйнө көз караштык багыт катары калыптануусунда турат. «Азыркы философия менен маданияттагы антропологиялык бурулуш баалуулуктардын бардык системасын жана анын башкы

бөлүгү – руханий баалуулуктардын системасын жаныча берүүгө шарт түздү.

Адам кайрадан руханий баалуулуктардын системасы аркылуу аныкталуучу кандайдыр бир биримдик катары эсептелди. Руханий баалуулуктардын өзү маданий жаратуучулук жана пайда кылуучулук катары кызмат кылышат. Адам жөн гана универсалдуу эмес, ал руханий-универсалдуу. Анын түбөлүктүү, көп түрдүү жана чексиз чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү түп-орду менен, баарынан мурда, руханий башаты менен байланыштуу, ал өзүнүн маңызы боюнча курчап турган дүйнөгө адамзаттык иш-аракеттери менен жөндөмдүүлүктү берип, кыймылдатууга милдеттендирилген. Руханийликтин универсалдуулугун жалпы субстанция жана индивидуумдагы адамзаттын мазмунунун негизи, б. а., бардык адамдарга таандык болуп, анын өзөгү, толтосу, ядросу болуп эсептелген адамзаттык башталыш катары түшүнүүгө болот» [2].

Демек, субъективдүү түрдө адам бүгүнкү күнү дүйнөнүн гармониясы үчүн жооптуу болуусу керек. Ал болмуштун гармониясынын гүлдөп өсүүсү үчүн маданият эле эмес, баарынан мурда, руханий-адеп-ахлактык чыгармачылык менен жоопту болот. Ушундай көз караштан алып караганда, А. Н. Нысанбаев мындай деп жазат: «Маданият сөздүн так маанисинде өзүнө адамдын тышкы, предметтик-практикалык көрүнүшүн жана руханий адеп-ахлактык маңызынын жүзөгө ашырылуусун камтып турат. Руханийлик материалдык дүйнөдөн басымдуулук кылбайт, ал аны кайра жаратат жана жакшыртат» [2].

Маданияттын болмушунун негиздери катары руханийликтин универсалдуу парадигмаларына философиялык-методологиялык маани берүү жана ачып берүү, жалпы эле анын түшүндүрүлүшү, анын ичинде жандуу өнүгүп туруучу организм катары этностун руханий маданиятынын өзгөчөлүктөрү көп сандаган маданий-философиялык концепциялардын предмети болуп саналат. Кээ бир авторлор тарабынан көчмөн цивилизациянын рухун, ойломунун руханийлиги менен типтерин, дүйнө көз караштык багыттарын эске алуу менен, улуттук, этностук маданияттын теориясы менен тарыхын чагылдырууда жаны социалдык ресурстар сунушталган.

Бир катар изилдөөчүлөр руханийликтин түрлөрүнө, анын ичинде теңирчиликке, этностук маданияттын болмушунун негиздери болуп эсептелген экологиялык дүйнө көз карашка өзгөчө көңүл бурушкан (Д. Сарыгулов, М. Жумагулов, С. Н. Акатай, Н. Г. Аюпов, К. Ш. Шулембаев, Г. Есим, В. Безертинов). Бул өңүттө руханий адеп-ахлактык мазмунду, элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнө көз караштык парадигмаларын изилдөө кыйла натыйжалуулука ээ болду (Б. А. Аманалиев, Т. А. Аскаров, К. М. Матиев, А. Касабек, Н. Ж. Шаханова ж. б.). Руханий болмуштун структуралык уюшулуусунун татаалдыгы көрсөткөндөй, анын бир дагы чөйрөсү өз алдынча (миф, дин, адеп-ахлактуулук, искусство ж. б.) ааламдын жаралуусуна, дүйнөдөгү адам болмушуна бүтүн картинаны берүү абалында эмес. «Өзүнүн жердеги жашоосунун бүткүл тарыхында адам өзүн, Универсум мыйзамдарын акыл-эси менен эле эмес, жүрөгү, туюму менен да аңдап-билген. Маданий доминанттардын динамикасы – адамдын Универсумду, андан тышкары, андагы өзүнүн милдеттерин аңдап-билүү ыкмаларын чагылдыруучу мыйзам ченемдүү процесс. Эгерде миф, дин, жарым-жартылай искусство сакралдыктын руханий аспектисин, бардык космос менен жалпылык сезимин берүүчү ыйык билимди билдирип, чын жүрөктөн чыккан сүйүү сезимин, сулуулукту пайда кылып, таза, түбөлүктүү мейкиндиктен тышкаркы руханий Абсолюттун бар экендигин туюп-сезүүгө мүмкүндүк берсе, анда философия менен илимде башкача роль берилген. Табигый, техникалык жана гуманитардык илимдердин интеграциясы, маданий негиздердин үстүнөн болгон философиялык рефлексия жаңы космостук ченемдеги болмуштук маселени реактуалдаштырууга, маданияттын маңызын ачып берүүгө шарт түзөт» [3].

Руханийликтин бирден-бир баштапкы формаларынан болуп миф (мифология) эсептелет, ал өз мезгилинде адамзат болмушунун маданий чөйрөлөрүнүн пайда болуусун жана өнүгүүсүн шарттаган. Миф реалдуу чындыкты структуралаштыруунун баштапкы ыкмасы, ааламдык карым-катнаштарды билдирүүнүн байыркы формасы катары жакындык-генетикалык байланыштардын негизинде дүйнөнүн (социалдык эле эмес, табияттык да) ченемдик образын билдирет. Мифологиялык аң-сезимдин денгээлинде дүйнө, табият же космос жандуу жандык катары кабыл алынып, алар абсолютташтырылып, жүзөгө ашырылган. Ушуга байланыштуу, байыркы элдердин мифтеринде табияттын күчтөрү дайыма адамзат күчтөрү, ал эми анын процесстери – адамдардын иш-аракеттери менен окшоштурулат, б. а., реалдуулуктун көрүнүштөрүн түшүндүрүүдө мифологиялык ойлом адамзаттын жүрүм-турумдары жана мотивдери менен салыштырууга барат. Ошону менен бирге адам өзүн мифте өзү сыяктуулардан, жаныбарлар дүйнөсүнөн, жалпы эле табият менен космостон айырмалабайт, ал алар менен биргеликте болуп, аралашып кеткен. Табиятты кудайлардын образында элестетүү адамдардын курчап турган реалдуулука карата болгон мифологиялык мамилелеринде басымдуулук кылган.

Мифологиядагы баалуулукту адам менен жашоо чөйрөсүнүн биримдигин, жандуу, жансыз табияттын тең салмактуулугу жана аларды сактоо мотивдерин, тышкы дүйнөнү сактоого багытталган адеп-ахлактуулуктун элементтеринин көрүнүшүн андап- билүү түзөт. Мифологиялык аң-сезим боюнча коомчулук тыюу, табу менен катар адамдын иш-аракеттерине чектөө салып, этиятсыздык жүрүм-турумдары менен бактын, дарыянын же жырткычтын «рухун» таарынтып албоо аракетин көрөт. Адамдар табият күчтөрүнө ээлик кылууга жетүүгө, адамзаттын активдүүлүгүнөн улам келип чыккан табигый тартиптеги бузууларды оңдоого аракет кылышат. Баштапкы миф адамдын табият менен болгон карым-катнаштарын гармониялаштырууда өзгөчө регулятивдик функцияны аткарган. Бул жерде биз алгачкы (байыркы) мораль менен иш алып барабыз [4].

Маданий баалуулуктардын, анын ичинде Чыгыш элдеринин руханий маданиятынын мазмундук тарабына зороастризм, теңирчилик, шаманчылык, манихейчилик жана исламдык ишенимдерге чейинки башка формалар олуттуу таасирин тийгизген. Андыктан көчмөндөрдүн (кыргыздардын, казактардын ж. б.) асманга сыйынуусу адамды намыстуу болууга багыттаган. Жер-Энеге сыйынуу адам эмгегинин күчүнө, туулган жердин ыйыктык сезимине, ата-бабалардын арбактарынын колдоосуна болгон ишенимди бекемдеген. Зороастризмдик этика күнүмдүк жашоо-турмушта үч принципке таянуу зарылчылыгын берген: жакшы ойлом, жакшы атак-даңк, жакшы иш-аракет. Ушуга байланыштуу, жамандык менен жакшылыктын ортосундагы тандоону жеке өзүнүн жыргалчылыгы үчүн эмес, бүткүл дүйнөнүн тагдырын чечүү үчүн аткаруу керек. Шаманчылык адамдарды жердеги жашоосундагы жүрүм-турумдардын уят-сыйыттуулугуна жана бүтүндүгүнө багыттайт. Эгерде исламда реалдуу адамзаттын жашоосу тигил дүйнөдөгү жашоого болгон даярдык болуп эсептелсе, анда шаманчылыктын тарапташтары үчүн уят-сыйыт менен чынчылдыктын императивдери менен жердеги жашоо реалдуу болгон.

Исламга чейинки ишенимдер ырааттуу табиятка ээ болушкан жана көчмөн коомчулуктун эволюциялык маңызынын белгиси болгон. Алардын негизинде баштапкы тазалык, турмушту түшүнүү, баштапкы мотвациялар менен баалуулуктар, адам менен табияттын биримдигин, өз ара карым-катнаштарындагы гармониялуулугун билдирүүчү руханийликтин нукура башталыштары жатат. Ушул өңүттөн калып караганда, көчмөн болмуштун принциптери ички маңызы боюнча диний эмес, жашоонун чындыгын таануу

үчүн көчмөн тигил дүйнөдөгүгө аракет кылбайт, ал белгилүү бир (таасын) маалыматка таянат. Калыбы, ошондуктан бир дагы дин көчмөндүн жүрөгүн толугу менен багындыра алган жок жана рухунун түпкүрүндө ал бутпарас бойдон калды. Мындай аспектиде кыргыз элинде Теңир кудайынын, Умай-Эненин, Жер-Суунун культу бекем сакталып калган, б. а., бутпарастык ишенимдер жерге, сууга, булактарга, таштарга, токойго, «ыйык тоолорго» ж. б. у. с. сыйынууда кеңири тараган.

«Белгилей кетүүчү нерсе, исламга чейинки ишенимдердин өзгөчөлүктөрү, алардын аксиологиялык мазмуну теңирчиликте, тотемизмде жана зороастризмде номаддардын, анын ичинде кыргыздардын салттуу ойломунун жүзөгө ашырылуусу катары таасын берилген. Аталган ишенимдердин системасында өзүнө элдик көз караштардын, ынанымдардын жана ырым-жырымдардын, табиятка, космоско жана анын көп сандаган объектилерине, процесстерине сый-урмат көрсөтүүнүн комплексин камтып турган культтар да болгон. Бул туурасында асмандык, универсалдык субстанционалдык башталыштын жүзөгө ашырылуусу болуп саналган Теңир феномени маалымдап турат. Асманга (руханий субстанция катары) сый-урмат мамиле кылуу – бул таза күнүмдүк аң-сезимдин, диний ойломдун натыйжасы эмес, ал космостун бүтүндүгүн, табият менен адамзат болмушунун ажырагыс биримдигин тактоо аракети» [4].

Кудайды – Теңирди жогорку Жаратуучу катары таануу теңирчилике таандык, бирок христианчылык менен исламдан айырмаланып, ал адамга окшоштурулбайт. Теңир адамзат акыл-эси үчү жеткиликсиз болгон жана Ааламда эмне болуп жатса ошол жактан бардыгын аныктоочу, асмандын жетинчи катмарында жайгашкан жеке сыр болуп сезилген. Теңирчиликте адам менен табиятты карама-каршы коюу, адамды андан жогору кароо маселеси жок болгон, адамдар өзүн Улуу, кубаттуу күчтүн ажырагыс бөлүгү катары кабыл алышкан.

Теңирчилик адам менен табияттын биримдигин бекитти, адам анын уландысы, анда дарыялардын, талаалардын, тоолордун жана токойлордун рухтары бар. Теңирчиликте бүткүл дүйнө шыктандырылган, андан тышкары, анда көчмөндөрдүн дүйнө туюму, дүйнө түшүнүмү, миңдеген жылдар аралыгын басып өткөн алардын менталитетинин жана жамааттык бейаңдыгынын негиздери чагылдырылат. Андыктан теңирчиликтеги адамдардын бардык иш-аракеттери жана жашоо-турмушу акыйкаттуулук, адамдын жанынын реалдуулугу (анын руханий сапаттары материалдык жыргалчылыктардан жогору коюлуп, бааланган); боорукерлик, мээримдүүлүк жана ийкемдүүлүк, адамдын өзүнө эле эмес, табият чөйрөсүнө да ортоктош болуусу сыяктуу моралдын базалык принциптерине жооп берүүсү керек. Кыргыздар бирден-бир сакталып калган алтай элдеринин бири катары XX кылымдын ортосуна чейин теңирчиликтин негиздерин аталган ишенимдин алгачкы ишенимдерине сиңирилип калган көчмөн жашоо образы, тили, эпикалык маданияты, үрп-адаттары, салттары аркылуу сактап кала алган. Ушул өңүттөн алганда «көчмөн-кыргыздардын дүйнө көз карашында тенирчиликтин жогоркуну, б. а., жогорку кудайды көрсөтүүчү; жаратуучу (же коргоочу), адамзат тагдырларын бөлүштүрүү, эркектик (ата-бабалар) башталыш менен байланыш, адамдын табият менен болгон макулдашуучулук, аксиологиялык, б. а., баалуулуктун (адеп-ахлактуулуктун) өнүгүүсү, адамдын Космостун жана өзүнүн уят-сыйытынын алдындагы жоопкерчилиги сыяктуу функциялары терең жүзөгө ашырылган» [5].

Демек, теңирчиликтин чыныгы маңызында жана функцияларында мораль менен руханийликтин негизги принциптери камтылган. Белгилей кетүүчү нерсе, салттуу диний баалуулуктардын системасы тигил же бул этностун руханий маданиятынын пайда

болуусунун жана функцияlануусунун бирден-бир булагы болуп саналат. Чындыгында, диндин парадигмалары руханийликтин, адеп-ахлактуулуктун тилине, руханий маданият феноменине жакын келет, же болбосо алар диний ишенимден белгилүү бир импульстарды алышат. Аларда топтолгон өзгөчө баалуулук – гуманистик жана моралдык нормалар – башка маданияттарды да кылдат изилдөөнү талап кылат. Адамзат цивилизациясынын социалдык-маданий өнүгүүсү көрсөткөндөй, дүйнөлүк жана локалдык диний маданияттар ар бири өз алдынча моралдык баалуулуктар менен экологиялык-этикалык эрежелердин универсалдуу «спектрин» адамдарды табият, социум жана тарыхый процесстин субъектилери менен болгон карым-катнаштарында башкаруу үчүн камтып турат. Элдердин (же этностордун) маданиятынын болмушунун руханий башаттарына адеп-ахлактуулуктун көрүнүштөрү таандык болот, алар эң башкы байлыкты, б. а., руханий күчтү, бийиктикти жана улуулукту рухунда алып жүрүшкөн, жүрөгүндө сакташкан. Маданияттын руханий-онтологиялык негиздери адамдын (социумдардын) Ааламга болгон карым-катнаштарынын көп түрдүүлүгү менен шартталгандыгын эске алуу менен белгилей кетүүчү нерсе, көптөгөн муундар аралыгында элдик аң-сезимде калыптанган адеп-ахлактык баалуулуктар көчмөндөрдүн курча турган чөйрөгө, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө, социумдар системасына, тарыхый, этносоциалдык коомчулуктардын өз ара карым-катнаштарына болгон кылдат мамилесине олуттуу таасирин тийгизген. Көпчүлүк учурларда адеп-ахлактык баалуулуктардын руханий-жаратмандык маңызы жакшылык, мээримдүүлүк, акыйкаттуулук жана гуманизм идеяларында берилген» [6].

Соңунда белгилей кетүүчү нерсе, көчмөн цивилизация дүйнөсү табият менен гармониялуу түрдө жашап, табигый ландшафтты бузбастан, турак-жайдын, салттардын, оюндардын жана жалпы эле маданияттын кайталангыс түрлөрүн жараткан. Дүйнөнүн аталган миссиясын, маданият менен экологиянын келишимин Кыргызстандын бермети болгон Ысык-Көлдүн жээгинде өткөрүлгөн «Көчмөндөрдүн бүткүл дүйнөлүк оюндары» ачык көрсөтүп бере алды. Алар дүйнө жүзүнө элдердин маданиятынын этноспорттук жана этномаданий биримдигинин өнүгүүсүнө чоң түрткү берди» [7]. Ар бир этнос менен элдин уникалдуу өзгөчөлүктөрүн сиңирип алуучу ааламдашуу жана интеграция кылымында аталган жетишкендиктерди сактоо азыркы илим менен коомдун башкы милдеттеринен болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Кокумбаева Б. Д. Онтология культуры. -Павлодар, 2005. -268 б.

2. Нысанбаев А. Н. Человеческая субъективность как духовно-нравственный феномен // XXII Всемирный философский конгресс (г. Сеул, Южная Корея, 30 июля -5 авг. 2008 г.). Доклады Казахстанской делегации. -Алматы, 2008. - С. 149-160.

3. Акматова Н. С. Экологическое сознание древних кыргызов. -Бишкек, 2011. -С. 132.

4. Жумагулов М. Экологическое мышление в эпистемологическом измерении. -Бишкек, 2005. - С. 147.

5. Байбосунов А. Ж. Донаучные представления кыргызов о природе и обществе. -Бишкек, 2010. - С. 340.

6. Аскаров Т. А., Мукасов Ы. М. Роль художественного наследия кыргызов в познании социокультурного процесса. -Бишкек, 2008. - С. 153.

7. Отчёт секретариата «Всемирных игр кочевников». -Бишкек, 2016. - С. 98.